# №2 С.Ногоева атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин тарбиялык жана класстан тышкаркы иштери боюнча 2022-2023-окуу жылынын 1-чейрегинде аткарган иштери боюнча отчету.

ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
НООКЕН РАЙОНУ
№2 С.НОГОЕВА МЕКТЕБИ
721200 Ноокен району Масы айылы
К.Султанов көч.№101
Тел:(03734) 50491 э/а .
s.nogoeva2@gmail.com
ИНН 01206200210246 Код ОКПО 22453541

ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
НООКЕНСКИЙ РАЙОН
СОШ №2 ИМ. С.НОГОЕВОЙ
721200 Ноокенский район с.Масы,
ул.К.Султанов.№101
Тел:(03734) 50491 э/а
s.nogoeva2@gmail.com
ИНН 01206200210246 Код ОКПО 22453541


Ноокен райондук Билим
берүү бөлүмүнө

## №2 С.Ногоева атындагы орто мектебинин тарбиялык жана класстан тышкаркы иштер боюнча 2022-2023-окуу жылынын 1-чейрегинде аткарган иштери боюнча отчету.

№2 С.Ногоева атындагы жалпы билим беруучу орто мектебинде тарбиялык иштер боюнча бир канча иш чаралар өткөрүлдү. Сентябрь жана октябрь айларындагы даталуу күндөргө карата тарбиялык сабактар, конкурстар уюштурулду.


**Сентябрь**

1. 1-сентябрь “Билим күнүнө” карата салтанаттуу азем өткөрүлдү. Мектепте 1-11-класстын окуучуларына Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинен “Кут билим” гезитине жарыяланган тарбиялык сааттар өткөрүлду. Сабак бүткөндөн кийин окуучулар ата-энелерине тапшырылды.
   Ата-энелерге 1-4-класстын окуучуларын мектепке алып келип, кайра алып кетүү милдеттендирилди. Мектепке коомчулуктун өкүлдөрүнөн Масы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Нарматов,Ноокен РИИБдин БИИнин учаскалык инспектору милициянын лейтенанты Мухидин уулу Алтынбек жана ардагер мугалимдер , ата-энелер келип катышты. Мектепте жалпы 1940 окуучу , 60 класс коплекти бар.





2. Мектепте сентябрь айынан баштап эле жума сайын ишембилик өткөрүлүп жатты.

3. 19-сентябрь өлкөбүздөгү кырдаалга байланыштуу туу түшүрүлүп окуучуларга маалыматтар берилди. Баткен окуясында каза болгон мекен сакчыларына жана каза болгон Баткендик бир туугандар үчүн эскерүү линейкасы болуп өттү .

4. 23- сентябрь Мамлекеттик тилдин күнүн белгилөө максатында бир жумалык иш план түзүлүп бекитилди. Иш пландын негизинде “Улут болсон тилин менен улутсун" аттуу темада бурч уюштурулду .Иш чаранын биринчи жумалыгында дубал гезиттер чыгарылып , класс жетекчилер тарабынан класстык сааттар өткөрүлдү.





5. 24-сентябрь “Таза мурас ” улуттук компаниясын алкагында мектеп жамааты ишембиликке чыгышты.Масы айыл өкмөтү тарабынан бөлүнүп берилген К.Султанов көчөсүнүн, светофорнан Суу чарба ишканасына чейин жодун эки бети тазаланды. Ишембиликте мектептин айлана-тегереги таштандылардан тазаланып, көрктөндүрүү иштери жүргүзүлдү.Ар ишемби күндөрү айлана чөйрө таштандылардан тазаланууда.





6. 28-сентябрь Ноокен район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардыкэпидемилогиялык көзөмөлдөө борборунун 2022-жылдын 19-сентябрындагы №04-19/265 сандуу катынын негизинде 28-сентябрь – Бүткүл дүйнөлүк кутурма оорусуна каршы күрөшүү күнүнө карата мектептерде тарбиялык сааттар, ачык тарбиялык сааттар, баяндама, жат жазуулар жаздырылды. Ошондой эле Ноокен үй бүлөлүк дарыгерлер тарабынан келген мед.айымдар менен биргеликте,да класстарда кутурма оорусу,гепатит,тамеки чегүү зыяндуу экендиги жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.







7. 29-сентябрь Ноокен райондук мамлекеттик администрациясынын 2022-жылдын 13-сентябрындагы №02-07/215 сандуу кириш болгон катынын негизинде мектепте окуучулардын мектеп формасы, мектепке келүүсү боюнча (хиджап, жоолук салынып келүү) окуучулардын, ата – энелердин жана класс жетекчилердин катышуусунда түшүндүрүү иштери жүргүзүлду. Жалпысынан биздин мектепте 37 жоолук салынган кыздар окуйт.






Октябрь

8. 1- октябрь Эл аралык карылар күнүнө карата класс жетекчилер тарабынанан тарбиялык сааттар өткөрүлдү.
Биздин мектептин салты боюнча эл аралык карылар күнүнө карата жыл сайын ар түрдүү иш чаралар өткөрүлөт. Бул жылы мектеп администрацисы жана класс жетекчилер тарабынан мектепте эмгектенип жаткан алты аксакал мугалимдерибизге каалоо,тилектер айтылып белектер тапшырылып ыраазычылык билдирилди.


9. 5-октябрь билим берүү кызматкерлеринин күнүнө карата Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 21-сентябрындагы № 1842/1 буйругуну негизинде Ноокен райондук билим берүү бөлүмү тарабынан сунушталган иш чаранын негизинде иш чара түзүлүп бекитилди. Мектепте "телеграммалар открыткалар" конкурсу , "тик-ток" куттуктоолору, онлайн челлендж аркылуу мугалимди куттуктоо (1-11-класстардын арасында) жарыяланнып,дубал гезиттер чыгарылды. "Мугалим – мектептин жүрөгү" темасындагы класстык сааттарды, жолугушуулар өткөрүлдү. Окуучулар арасында "Эгер мен Мугалим болсом..." темасында эссе жазлып 10 "б" классынын окуучусу Эгембердиева З биринчи орунду ээледи. Мектеп жана мугалим жөнүндө ырлардын, обондуу ырлардын фестивалы өткөрүүлүп 8 "б" класстын окуучулары биринчи орунду ээлешти. "Менин мугалимим" флешмобу 9 "б " класстын аткаруусунда аткарылды.

10. 12-октябрь кыз адеби “Кызды кырк үйдөн тыюу” темасында кыздар совети болуп анда мектеп директору,класс жетекчилер жана 7-11- класстардын кыздары катышты. Жыйналыштын башында мектеп директору Арзиева Г.К. сөз сүйлөп ,кыздардын адеби “Кызды кырк үйдөн тыюу” жөнүндө кенири сөз сүйлөп ,жыйналышка катышып жаткан кыздарга өзүнүн жакшы насааттарын айтты.Ошондой болсо да кыздардын адебине туура келбеген көрүнүштөр болуп жаткандыгын баса белгилеп кетти.Кыздардын арасында чыгып жаткан ушул сыяктуу терс көрүнүштөргө телефондун чоңзыяны тийип жаттаканын айтты.





11. 13-октябрь мектептеги эркек балдардын жүрүш-турушу,эркек балдардын арасындагы ар кандай кылмыштуулуктун алдын алуу максатында балдар совети болуп өттү.Жыйналышка мектеп директору,класс жетекчилер,ИДНден Мухиддин уулу Алтынбек,Ибраимов Нурсултан Калбатырович жана 7-11-класстардын эркек балдары катышты.



12. 17-октябрь күнү Ноокен райондук тарыхый-этнографиялык чакыруу катынын негизинде Жаңыбай Кожеке уулунун 150-жылдыгына аралган иш чарага 7 “А” жана 5 “А” класстарынан 20-окуучу барып Манас айтып,манасчылардын сүрөттөрүн тартышып активдүү катышып келишти.






13. 21- октябрь күнү мектепте башталгыч каласстардын жана 5-8-класстардын окуучуларына жолдо жүрүүнүн эрежелери боюнча иш чара болуп өттү.Иш чарада окуучулар жол эрежесин түшүнүп жана жол белгилерин үйрөнүштү.Балдар жолдо жүрүүдө өзү-өзү тыкан алып жүрүүгө,жол эрежелерине көңүл бурууга,тартиптүүлүккө тарбияланышты.







14. 25-октябрь Диний экстримизм жана терроризм боюнча тарбиялык сабактар өткөрүлүп, мечитке барган балдардын жана оронгон кыздардын учету алынды. Азыркы күндө мектепте 6 мечитке барган балдар бар. Ошондой эле райондук ИИБнүн кызматкерлери,дин таанучулар менен биргеликте терроризм,диний экстремизмдин кыйратуучу идеологиясына каршы лекциялар окулуп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Жалпысынан 159 окуучу катышты.






15. 2-3- ноябрь мектепте башталгыч класстардын жана 5-11 класстардын класс жетекчилерине “Ата-энелер мектеби” программасы боюнча мектеп – ата-эне мамилесинин пассивдешип кетишин,ата-энелик милдетти туугандарынын аткарып калышын,бала тарбиялоодогу функцияларга баа бербей келишин,кыргыз эл педагогикасынын, салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн бала тарбиялоо салттарын өз деңгээлинде колдоно билбөөсүн,нарктуу үй-бүлө түшүнүгүнө маани бербөөчүлүгүн,гармониялуу тарбиялоонун эске алынбай келгендигин ата-энелерге түшүндүрүү максатында семинар тренинг болуп өттү.






16. 7-8-ноябрь “Тарых жана ата-бабаларыбызды эскерүү” күнүнө карата иш чаралардын планы түзүлүп,бекитилди. Мектептин тарых мугалимдери тарабынан “Тарых жана ата-бабаларыбызды эскерүү” күнүнө карата атайын бурч уюштурулду.
“Тарых жана ата-бабаларды эскерүү”деген темада тарых мугалимдери Сарикова.Н жана Бакирова А. видеоролик даярдап окуучуларга жана мугалимдерге тартуулады.

Уюштуруучу Таштемирова Г.К